# ШАЙЛООГО БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА ЭЛ АРАЛЫК МИССИЯ
**Кыргыз Республикасы– КР Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоо 10-январь 2021-жыл**

**АЛГАЧКЫ КОРУТУНДУЛАР ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРҮҮ**

## АЛГАЧКЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР

2020-жылдын октябрь айындагы парламенттик шайлоонун жыйынтыктары жокко чыгарылгандан кийин орун алган саясий кризис мөөнөтүнөн мурда өтүүчү президенттик шайлоолорго жана референдумду өткөрүүгө түрткү болду. Мыйзамдык-укуктук база, атаандаш шайлоолорду өткөрүүгө мүмкүндүк берип, негизги эркиндиктер сакталды. Шайлоо алдындагы үгүт иштеринде, бирдей эмес каржылык каражаттары жана административдик ресурстарды туура эмес пайдаланганына байланыштуу бир гана талапкердин басымдуулук кылгандыгы, натыйжада бирдей эмес шарттарды жаратты. Шайлоо процесстери дагы, дебаттар дагы президенттик шайлоо менен референдумдун, тактап айтканда бир талапкердин байланышы менен начарлаган. Коомдук телеканалдар тарабынан акысыз эфирдик убакыттын бөлүнүшү талапкерлер үчүн үгүт аянтчасын түздү; Ошого карабастан, кээ бир учурларда мыйзамдардын чектелгендигинен улам, критикалык отчеттордун жетишсиздиги, шайлоочулардын аң-сезимдүү тандоо мүмкүнчүлүгүн кыскартты. COVID менен байланышкан саламаттыкты сактоо эрежелери жакшы аткарылбаса да, шайлоо күнү ирээттүү жана жалпысынан жакшы өттү.

Укуктук база демократиялык шайлоолорду өткөрүү үчүн бекем негизди түзөт. Жалпысынан, ДИАУБдун мурунку сунуштарына ылайык, шайлоо жөнүндөгү мыйзамдарга бир нече жолу өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Бирок, буга чейин сунушталып келген айрым рекомендациялар дагы деле аткарылбай келет. Президент жалпы элдик добуш берүү аркылуу алты жылдык мөөнөткө шайланат. Парламент өз мандатын узартып конституциялык маселе боюнча референдумду тез аранын ичинде, мыйзамдын процедуралык эрежелерин бузуу менен коомдук талкууга алып чыкпастан, дайындады. Шайлоо жана референдум жаатындагы мыйзамдарды бир убакытта колдонуу, кошумча жөнгө салууга негиз боло турган кемчиликтер менен бүдөмүктөрдү жаратты.

Мөөнөтүнөн мурда өтүүчү президенттик шайлоо жана референдум, шайлоо органдары тарабынан негизинен жакшы уюштурулган. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (БШК), шайлоо процессинин ачыктыгын жогорлатуу үчүн онлайн режиминде, түз эфир аркылуу ачык жыйындарды өткөрүп турду. БШК, чечимдердин көпчүлүгүн өз убагында жарыялады жана шайлоо процессинин ар кандай аспектилери боюнча ченемдик укуктук актыларды кабыл алды, ошондой эле, орун алган кемчиликтердин үстүнөн иштеди , бирок БШКнын арыздарды жана башка шайлоо мыйзамдарынын бузулушун кароодогу бир жактуулугу тынчсыздандырат. Ошентсе да, ДИАУБ ШЧБМдин маектештеринин басымдуу көпчүлүгү төмөн турган шайлоо комиссияларынын ишинин натыйжалуулугуна жана калыстыгына күмөн санабай тургандыгын билдиришти.

Шайлоочулардын акыркы тизмесине 3,5 миллиондой шайлоочу киргизилген. Шайлоочулардын добуштарын сатып алууга жол бербөөгө багытталган иш-аракеттерге карабастан, шайлоочулардын шайлоо дарегин убактылуу өзгөртүү мүмкүнчүлүгүнүн алынып салынышы 300 миңдей шайлоочуга добуш берүү укугун жүзөгө ашырууда тоскоолдук жараткан. Ошол эле учурда, БШК, шайлоо күнү шайлоо участкаларында иштеген жарандардын катталган дарегине карабастан добуш бере алуусун камсыз кылуу боюнча аракеттерди көрдү. Жабык мекемелерде жазасын өтөп жаткан адамдардын добуш берүү укугунан ажыратылуусу жана сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылган адамдарга карата колдонулган чектөөлөр эл аралык

стандарттарга жана милдеттенмелерге каршы келет. Биометрикалык каттоодон өтпөй калган 450 миңге жакын жаран өз шайлоо укугунан пайдалана алган жок.

Жалпысынан инклюзивдик процессте 18 талапкер, анын ичинде бир аял талапкер катталды. Көрсөтүлгөн талапкерлердин бир тобу БШКнын узак процедуралык талаптары менен коштолгон кол тамгаларды топтоонун кыскартылган мөөнөттөрүнө наразы болушту. Кол тамгаларды текшерүү жана ырастоо процесстери ачык-айкын өтүп, ырааттуу колдонулду. БШК референдумду үгүттөө үчүн 15 үгүт тобун каттады.

Талапкерлер негизинен үгүт иштерин эркин жүргүзө алышкан, бирок көпчүлүгүндө талап кылынган каржылык жана уюштуруучулук ресурстар жетишсиз болду. Шайлоо алдындагыүгүттөөдө Садыр Жапаров басымдуулук кылган. Референдум боюнча үгүттөө көбүнчө президенттикке талапкерлердин каалоосу менен жүргүзүлдү. Президенттик шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшүндө, программалык маселелердин жетиштүү деңгээлде талкууланбандыгы байкалган, анткени теледебат учурунда катышуучулар талапкерлердин жеке мүнөзүнө көбүрөөк көңүл бурушту. Административдик ресурсту колдонуу боюнча дооматтар жана уюшкан кылмыштуулуктун тийгизген таасири тууралуу жалпы тынчсыздануулар ушул процесстин жүрүшүндө айтылды.

Шайлоо жана референдум жөнүндө мыйзамдар үгүттүк каржылоонун ачык-айкындуулугун камсыз кылганы менен айрым аспектер жөнгө салынбай келет. Мыйзамдарда президенттик шайлоого үгүт иштерин жүргүзүүгө кетчү чыгымдарды чектөө каралган болсо, референдум өткөрүү үчүн үгүт жүргүзүүнүн кирешелерине жана чыгашаларына чектөөлөр жок. Үгүтөө фондлордун  бардык каражаттары атайын ачылган банк эсеби аркылуу өтүшү керек, бирок ДИАУБ ШЧБМдин маектештеринин кээ бирлери эсепке алынбаган айрым чыгымдар жөнүндө билдиришкен. Үгүт иштерин каржылоону көзөмөлдөө БШКга жүктөлөт, ал тиешелүү маалыматты өзүнүн сайтына жарыялайт.

Динамикалуу медиа чөйрө чакан жарнама рыногу менен чектелет, бул тышкы булактардан көз карандылыкка алып келет. Расалык, диний же регионалдык кастыкты козутууга тыюу салган мыйзамдын ашыкча кеңири чечмелениши, ошондой эле, инсандын аброюна шек келтирүү боюнча доолордо чексиз компенсациялардын колдонулушу, журналисттик иликтөөлөрдү жассоодо, аналитикалык жана сынчыл материалдарды чыгарууда тоскоолдук жаратат. Андан тышкары, акыркы мезгилде журналисттерге карата физикалык жана оозеки чабуулдардын көбөйүшү кылдат иликтенбегендиктен, жазасыздык чөйрөсү түзүлүп, өзүн - өзү цензуралоону күчөттү.

Шайлоо жөнүндөгү мыйзамдарда үгүт иштеринин аныктамасы кеңири берилгендиктен, журналисттик чагылдыруулар де-факто, жарнамалык акы төлөөнүчү материал катары берилет. Мындай көрүнүштөр, бирдей чагылдыруу жагынан мыйзам талаптарынын формалисттик чечмеленишине байланыштуу, аналитикалык жана редакторлук чагылдырууга жол берилген чөйрөнү чектейт. Жыйынтыгында, бул акы төлөнүүчү шайлоого байланыштуу жаңылыктарды чагылдыруунун басымдуу бөлүгү талапкерлер тарабынан төлөнүп, анын 99 пайызы Жапаров мырзага таандык. ДИАУБ ШЧБМдин медиа мониторинг тобу, мониторинг жүргүзгөн бардык телеканалдарда президенттик башкаруу формасын Кыргыз Республикасы үчүн бирден-бир ылайыктуу чечим катары үгүттөгөн. Эки улуттук телеканалда акысыз обо убактысынын бөлүштүрүлүшү көптөгөн талапкерлер жана референдумдун үгүт топтору үчүн үгүттөөгө багытталган платформа катары колдонулду. Түз эфирдеги теледебаттар уюштурулуп талапкерлерди салыштырууга мүмкүнчүлүк берилген учурда, жеке ЖМКлардын дебаттарды уюштурууну каалабагандыгы, шайлоочулардын аң-сезимдүү тандоо жасоого болгон

мүмкүнчүлүгүн кыйла чектеди. Талапкер Жапаров, теледебаттарга катышпоо чечимини алган жалгыз президенттикке талапкер болду.

Президенттикке талапкерлердин арасында этникалык азчылыктардын өкүлдөрү жок жана этностор аралык мамилелерге байланыштуу маселелер талапкерлердин программаларында так чагылдырылган эмес. Шайлоочуларга билим берүү жана үгүт иштерин жүргүзүүгө байланыштуу материалдар мамлекеттик (кыргыз) жана расмий (орус) тилдерде жарыяланды. Этникалык азчылыктарга карата кастыкты козуткан бир дагы учур, ободо, басылмаларда же социалдык тармактарда ДИАУБ ШЧБМ тарабынан байкалган же маалымат келип түшкөн эмес.

БШКнын онлайн реестринде жарыяланган 80ден ашуун арыздардын көпчүлүгү үгүт жүргүзүү эрежелерин бузууга тиешелүү болгон. Бул арыздардын жана билдирүүлөрдүн көпчүлүгү БШКнын жумушчу топтору тарабынан каралып чыккан же БШК тарабынан каралбай туруп укук коргоо органдарына жөнөтүлгөн.Мындай аракеттер, мыйзам бузууларды алдын алуу боюнча иш-чаралардын натыйжалуулугун төмөндөтөт. БШК тарабынан өткөрүлгөн өнөктүктү жүргүзүү эрежелеринин бузулушуна байланыштуу даттанууларды кароонун жүрүшүндө, тандалма мамиле жасагандыгы жана мыйзамдардын талаптарын ыраатту колдонбогондугу, БШКнын калыстыгына болгон кооптонууну жаратат.

Шайлоо мыйзамдары шайлоо процессинин жана референдумдун бардык этаптарына байкоо жүргүзүүнү камсыз кылат. Жарандык топтор шайлоого байкоо жүргүзүүгө активдүү катышат.

Шайлоону байкоо боюнча эл аралык миссия, шайлоо күнүндөгү процесстерге тутумдуу жана ар тараптуу байкоо жүргүзгөн жок. Чектелген сандагы шайлоо участкаларында шайлоо жараяны уюшкандыкта өтүп, даярдыктар жакшы деңгээлде болду, бирок, кээ бир учурларда, мисалы, бюллетендер сканерлөөчү урнага салынган кезде, купуялуулук талаптары бузулуп жатты. COVID-19 пандемиясынын жайылышына каршы коргонуу чаралары талаптагыдай аткарылган жок. Добуш берүү аяктагандан көп өтпөй, БШК өзүнүн веб-сайтында алдын ала, деталдуу жыйынтыктарды жарыялады, ошону менен биргеликте ачык-айкындуулукту камсыздады. Президенттик шайлоого да, референдумга да шайлоочулардын 40 пайызга жакыны катышканы кабарланды.

## АЛДЫН - АЛА АЛЫНГАН МААЛЫМАТТАР

### Жалпы маалымат жана саясий кырдаал

2020-жылдын 4-октябрында болуп өткөн парламенттик шайлоонун жыйынтыгынан улам курч алган саясий кризистин фонунда, 2021-жылдын 10-январында мөөнөтүнөн мурда өтүүчү президенттик шайлоо жана мамлекеттик башкаруу формасын аныктоо үчүн референдум өткөрүлдү. Жаңы парламентте президентти колдогон партиялар басымдуулук кыла тургандыгын көрсөткөн добуш берүүнүн баштапкы жыйынтыктарынын жарыяланышы, көптөгөн мыйзам бузуу айыптоолор менен парламенттик шайлоонун жыйынтыктарын жокко чыгарууну талап кылган ири масштабдуу наразычылык акцияларына алып келди.

Наразычылыктар күчөп, зомбулукка айланган соң, 2020-жылдын 6-октябрында Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (БШК) добуш берүүнүн жыйынтыктарын жокко чыгарды. Андан кийин белгисиздик мезгили орун алып, бул учурда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мурунку мүчөсү (ПМ) Садыр Жапаров Кыргыз Республикасынын премьер-министри кызмат ордуна кызыкдар экенин билдирип, мөөнөтү бүткөн, бирок өз мандатын узарткан парламент аркылуу бул кызматка 14-

октябрында дайындалды.[1] Ошол кездеги президенттин кызматын ээлеген жана 2023-жылга чейин бул кызматты ээлеш керек болгон Сооронбай Жээнбеков кызматтан кетээрин 15-октябрында коомчулукка жарыялады. Президенттик орунга мураскердин кезеги Жогорку Кеңештин төрагасы Канат Исаевке келип бирок, ал кызматка кирише турган болсо, президенттик шайлоого катыша албастыгын билдирип, кызматтан баш тарткан.[2] Ошондуктан, президенттин милдетин аткаруу, конституцияга ылайык, премьер-министрдин милдетин аткаруу Жапаровго өтүп, ал эки кызматты бирдей аркалады.

Жапаров мырза саясий спектрдин кеңири чөйрөсүнүн өкүлдөрүнөн турган убактылуу өкмөттү түздү, ал эми 2020-жылдын 24-октябрында мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоонун өткөрүлүшү жарыяланды. Президенттин милдетин аткаруучу болуп 28 күн иштеген учурда, Жапаров мырза мамлекеттик коопсуздук кызматынын жооптуу кызматкерлерин, ошондой эле бүткүл өлкө боюнча көптөгөн облустук жана райондук деңгээлдеги кызматкерлерди, анын ичинде жети облустун губернаторлорун алмаштырды. Шайлоо алдында 20 саясатчы жана жогорку кызматтагы адамдар коррупцияга айыпталып камакка алынган.

2020-жылдын 14-ноябрында, Жапаров мырза президенттикке талапкер болуу максатында президенттик кызматтан кетип, премьер-министрлик кызматын убактылуу токтотту, ал эми жаңы дайындалган Жогорку Кеңештин спикери - Талант Мамытов Кыргыз Республикасынын президенттинин милдетин аткаруучу болуп дайындалды.[3]

Ошол эле мезгилде Жогорку Кеңештин депутаттарынын бир тобу, Жапаров мырзанын койгон максаттарына ылайык, Конституциянын жаңы долбоорун сунуштады. Бул долбоор президенттин ыйгарым укуктарын бир кыйла кеңейткен өзгөртүүлөрдү камтыган. Өлкө боюнча конституциялык референдумду өткөрүү 17-ноябрда жарыяланган. Бирок, бул сунуш Кыргызстандагы жарандык коомдун ири масштабдуу наразычылыгын жана эл аралык коомчулуктун тынчсызданышын жаратты.[4] Жыйынтыгында, жаңы Конституциянын долбоору боюнча референдум башкаруу формасын аныктоо боюнча референдумга өзгөртүлүп, жарандарга президенттик же парламенттик башкарууну, же болбосо үчүнчү “баарына каршы” вариантты тандап алуу сунушталды.[5] Бул референдум дагы 2021-жылдын 10-январында өттү; талапкер Жапаров президенттик моделдин демилгечиси жана негизги колдоочусу болгону эсепке алынса, анын үгүт кампаниясы менен референдумдун ортосунда так аныкталган байланыш түзүлгөн.

---

1 Ошол учурда Жапаров мырза 2017-жылдан тартып 11 жылдык абак жазасын өтөп жаткан, бирок анын тарапташтары 2020-жылдын 5-октябрында жабык жайга кирип баргандан кийин бошотулган. *Шайлоо системасы жана укуктук негиздер* бөлүмүн караңыз.

2 Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, учурдагы президенттин президенттик шайлоого талапкер катары катталууга укугу жок.

3 Жапаров мырза бул кызматтардан кетишин мыйзамдуу актылар менен эч качан жол-жоболоштурган эмес, бирок бул жөнүндө эл алдында сүйлөп жатканда гана жарыялаган.

4 Маселенин маңызы боюнча да, анын жол-жобосу боюнча да кооптонуулар болду: жаңы Конституциянын долбоору парламентти президентти бекемдөө пайдасына кыйла алсыратууну, ошондой эле жаңы типтеги элдик жыйындарды (курултайларды) сунуш кылды. Процедуралык мааниде, ыйгарым укуктары кеңейтилген мөөнөтү аяктаган парламенттин ушундай чоң өзгөрүүлөрдү киргизип жаткандыгы, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасы тарабынан жана 2020-жылы Европа Кеңешинин Венеция комиссиясынын конституциялык реформа менен түрткү берилген шайлоону жылдырууга байланыштуу шашылыш консультативдик корутундусу (amicus curiae) тарабынан да көйгөйлүү көрүнүш катары каралды.

5 2020-жылдагы Венеция комиссиясынын референдум өткөрүү боюнча кайрадан иштелип чыккан жобосунда “эгерде референдум шайлоону өткөрө турган мекемеге тиешелүү болсо” шайлоону жана референдумду бир күндө өткөрбөө сунушталат. БШКнын 2020-жылдын 15-декабрындагы референдумга байкоо жүргүзүүсү үчүн чакыруусуна жооп катары ЕККУ / ДИАУБ ШЧБМ тарабынан анын форматына жана колдо болгон ресурстарына жараша мүмкүн болушунча көзөмөлдөнөт.

## Шайлоо системасы жана укуктук негиздер

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, президент жалпы элдик добуш берүү менен алты жылдык мөөнөткө шайланат. Биринчи турда добуштардын жарымынан көбүн алган талапкер жеңүүчү деп жарыяланат. Эгерде талапкерлердин бири дагы талап кылынган добуштардын көпчүлүгүн ала албаса, көпчүлүк добушка ээ болгон эки талапкердин ортосунда добуш берүүнүн экинчи туру өткөрүлөт. ДИАУБдун мурунку сунуштамасын ишке ашыруунун алкагында добуш берүүнүн экинчи турунун так мөөнөттөрү мыйзамдарда каралган, алар биринчи турдун жыйынтыгы чыккандан кийин 20 күндүн ичинде өткөрүлүшү керек. Добуш берүүнүн эки туруна тең катышууда шайлоочулардын санына карата болгон талаптар жок. Референдум өттү деп эсептөө үчүн катталган шайлоочулардын 30 пайызынын катышуусу мыйзамдарда талап кылынат.

Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча мыйзамдар негизинен 2010-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 2011-жылдагы “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы (мындан ары - шайлоо жөнүндө мыйзам), жана Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндөгү мыйзамы (Шайлоо комиссиялары жөнүндөгү мыйзам) жана башка мыйзамдары аркылуу жөнгө салынат.[6] Кыргызстан демократиялык шайлоолорду өткөрүүдө колдонулуучу негизги эл аралык келишимдердин катышуучусу.[7]

Акыркы президенттик шайлоодон кийин шайлоо мыйзамдык базасы бир нече жолу өзгөрүлүп, толукталды. Өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун көпчүлүгү ДИАУБдун мурунку сунуштарына шайкеш келип, шайлоону уюштурууну жана өткөрүүнү, жарандык көзөмөлдү, шайлоо мыйзамдарынын бузулгандыгы боюнча даттанууларды кароону жана аларга карата санкцияларды киргизүүгө өбөлгө түздү.[8] Бирок, ДИАУБдун мурдатан бери берилип келе жаткан айрым сунуштары аткарылбай калууда, анын ичине добуш берүү жана шайлоого катышуу укуктарынын чектелүүсү жана ЖМКларды аккредитациялоо зарылдыгы кирет. Мындан тышкары, 2020-жылдагы киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолордун жыйынтыгында өлкө ичинде жашаган шайлоочуларга карата шайлоо дарегин өзгөртүү мүмкүнчүлүгү алынып салынгандыгы, президенттикке талапкерлердин шайлоо күрөөсүн кайтарып берүүдөгү чектин кыскартылгандыгы жана шайлоо өнөктүгү учурунда ыктыярчыларды жумушка тартууга жол берилбейт.

“Кыргыз Республикасынын Референдуму жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы референдум өткөрүүнүн негизги аспектилерин жөнгө салат; бирок,

---

6 Кыргыз Республикасынын саясий партиялар жөнүндө мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Тынч чогулуштар жөнүндө мыйзамы, Кыргыз Республикасынын жазык кодекси, Кыргыз Республикасынын жоруктар жөнүндө кодекси жана Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндө кодекси кирет.

7 Алардын катарына Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт, Расалык басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция, Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция жана анын факультативдик протоколу жана Майыптардын укуктары жөнүндө конвенция кирет.

8 2017 жана 2019-жылдардагы өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен шайлоо мыйзамдарында административдик ресурстарды колдонуунун аныктамасы жана ага карата жазалоо, анын ичинде административдик ресурстарды пайдалануу жана добуштарды сатып алуу үчүн жоопкерчилик киргизилгендигин белгилей кетүү маанилүү. Башка өзгортүүлөрдүн жана толуктоолордун катарына ден-соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды киргизүү, онлайн маалымат каражаттарында үгүт жүргүзүү, үгүт иштерине ыктыярчылардын катышуусу, байкоочулардын укуктары жана арыздарды кароонун мөөнөттөрүн тактооготиешелүү өзгөртүүлөр кирген.

анын нормаларынын редакциясы референдумдун үгүт иштерине так аныктама берүү, референдумдун үгүт топторун каттоонун мөөнөтү жана референдумдун үгүт иштерин каржылоого байланыштуу деталдаштырылган жоболор ачык-айкын көрсөтүлгөн эмес. Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча мыйзамдарды бир убакытта колдонуу кошумча жөнгө салууга туура келген кемчиликтерди жана түшүнүксүздүктөрдү жаратты. [9] БШК бул кемчиликтердин айрымдарын ченемдик укуктук актыларды чыгаруу жолу менен чечкени менен, мыйзамды чечмелөө кызыкдар тараптардын иш-аракетин дайыма эле жеңилдетпейт.[10]

БШК 2020-жылдагы парламенттик шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгарып, кайрадан шайлоону өткөрүүнү жарыялагандан кийин, 26-ноябрда мөөнөтү бүтүп бара жаткан парламент шайлоону кайрадан өткөрүүнү токтоткон мыйзамды кабыл алды. Бул убактылуу токтотуу, башка себептерди эске албаганда, конституциялык реформаны өткөрүү максаты менен негизделген.[11] Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасы мындай чечимди конституциялык деп тааныганына карабастан, анын мүчөлөрү токтото туруунун мөөнөтүн сынга алышты жана конституциялык реформага демилге көтөрүү үчүн жетиштүү ыйгарым укуктар бар экендигин белгилешти, ошондой эле Европа Кеңешинин Венеция комиссиясынын корутундусуна шилтеме жасашты.[12] Жарандык коомдун мындай корутундуларына жана сын-пикирлерине карабастан, 2020-жылдын 10-декабрында парламент конституциялык маселе боюнча референдум өткөрүп, ошону менен эрежелерди иштеп чыгуу процедураларынан чыгып кетүүгө жол берип, коомдук талкууга убакыт бөлгөн жок.[13] Референдумду даярдоо маселеси Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасында каралып, ал доо арыз, арыз ээсинин укуктары бузулган эмес деген негиздер менен четке кагылып, коомдук кеңешмени өткөрүүнүн зарылчылыгы “мыйзам чыгаруу бийлигин ыкчам жүзөгө ашырууга тоскоолдук кыла албайт” белгиледи. Мындай аракеттер жарандардын мыйзамдарды талкуулоого катышуудагы конституциялык укугуна каршы келет. [14]

---

9 Мисалы, мыйзамдарда шайлоочуларды идентификациялоо учурлары шайлоо же референдум бир күндө өткөрүлгөндө кандайча жүргүзүлүшү керектиги, президенттикке талапкер тарабынан жүргүзүлүп жаткан үгүт иштерин референдумга байланыштуу үгүт иштеринен кантип айырмалай тургандыгы,. референдумдун үгүт топторун каттоонун мөөнөттөрү жок болгондугуна байланыштуу акысыз эфирдик убакыттын бөлүштүрүүлүшү каралган эмес.

10 БШК шайлоочулардын айрым топторуна алар иштеген участоктордо добуш берүүгө мүмкүнчүлүк берген токтомду кабыл алды (*Шайлоочуларды каттоо бөлүмүн караңыз*). Бирок, БШК акысыз эфирдик убакытты референдум дайындалгандан күндөн тартып эсептебей, убакыттар бөлүштүрүлгөндөн кийин сааттарды эсептеп жатышы акысыз эфирдик убакытты чектеди (*ЖМК бөлүмүн караңыз*) жана кол тамгаларды чогултууга байланыштуу жаңы талаптар кол топтоо процессин дагы татаалдаштырды (*Талапкерлерди каттоо бөлүмүн караңыз*).

11 2020-жылдын 26-октябрындагы мыйзам конституциялык реформа аяктаганга чейин жарактуу бойдон калууда. Европа Кеңешинин Венеция комиссиясынын шашылыш консультативдик корутундусунда: «Токтотуунун иш жүзүндөгү максаты жөнүндө айта турган болсок, [...]кетип жаткан парламент, негизинен, конституциялык өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн демократиялык мыйзамдуулукка ээ эмес».

12 Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасы сегиз ай «ашыкча жана объективдүү себептер менен негизсиз " деп белгиледи. Ал ошондой эле «узартуу мезгилинде парламенттин иши акылга сыярлык чектөө принцибин жетекчиликке алышы керек» деп белгиледи. Европа Кеңешинин Венеция комиссиясынын шашылыш консультативдик корутундусунда, мөөнөтү бүткөн парламент «конституциялык реформаларды кошо алганда, чукул чараларды жактырбашы керек» деп белгиленет.

13 Референдум жөнүндө мыйзам долбоорунун биринчи окуусу 2020-жылдын 9-декабрында өткөрүлсө, экинчи жана үчүнчү окуулары 2020-жылдын 10-декабрында өтүп, мыйзамдын өзү 2020-жылдын 11-декабрында күчүнө кирген. Ошол эле учурда, парламенттин регламентинде окуулардын ортосунда он күндөн кем эмес убакыт каралган, ал эми депутаттар мыйзам долбоорун парламент жыйынына чейин кеминде үч күн мурун алышы керек. 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген Документинин 5.3 пункту ЕККУга мүчө мамлекеттерден Баш мыйзамды сактоону жана мыйзам талаптарына ылайык иш алып барууну талап кылат.

14 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 52-беренесине ылайык, жарандар мыйзамдарды талкуулоого катышууга укуктуу.

Референдум жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, референдумда кабыл алынган чечим милдеттүү түрдө аткарылат.[15] Ошого карабастан, ушул референдумдун мүнөзү анын жыйынтыгы конституциялык кесепеттери жөнүндө белгисиздикти жараткан автоматтык конституциялык өзгөрүүгө алып келбейт деп болжолдолуп жатат. [16] Референдумда жарандардан мамлекеттик башкаруу формасын президенттик жана парламенттик системалардын бирөөсүн тандап алуу суроосу көтөрүлгөндүгүнө карабастан, Кыргыз Республикасынын президентинин милдетин аткаруучу Мамытов тарабынан Конституциялык кеңешменин курамы дайындалган жана алар ДИАУБ ШЧБМге күчтүү президенттик башкаруу формасын камтыган жаңы Конституциянын долбоорун иштеп чыккандыгын маалымдады.

## Шайлоону өткөрүүдөгү уюштуруу иштери

БШК, 54 аймактык шайлоо комиссиясы (АШКлар) жана 2474 участкалык шайлоо комиссиялары (УШКлар), анын ичинде чет өлкөдө түзүлгөн 48 УШК, учурдагы мөөнөтүнөн мурда өтүүчү президенттик шайлоону жана референдумду өткөрүүнү уюштурат. Шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү беш жылдык мөөнөткө дайындалат.

БШК шайлоону жана референдумду уюштурууга жооптуу туруктуу жана коллегиалдуу орган.[17] БШК ММКнын өкүлдөрү, байкоочулар жана талапкерлердин өкүлдөрү катышкан ачык жолугушууларды үзгүлтүксүз өткөрүп, онлайн режиминде түз эфирде көрсөтүшөт.[18] БШКнын отурумдары көбүнчө башталаардан бир аз мурун гана веб-сайтында жарыяланып , бардык тараптардын катышуусу үчүн жетиштүү убакыт ар дайым камсыз кыланбады. БШКнын көпчүлүк чечимдери , мыйзамга ылайык, кабыл алынган күндөн тартып 24 сааттын ичинде өзүнүн веб-сайтына жарыяланган болсо даттануулар боюнча кабыл алынган чечимдер олуттуу кечигүү менен жарыяланган.[19] Техникалык маселелер боюнча чечимдер жалпысынан бир добуштан кабыл алынган болсо, БШКга келип түшкөн арыздар жана шайлоо мыйзамдарын бузуу боюнча башка фактылар каралганда, пикирлер бөлүнүп, бир тараптуу чечимдер кабыл алынган эмес. ДИАУБ ШЧБМдин бир нече маектештери БШКнын көзкарандысыздыгынын жоктугуна көңүл бурушуп, анын калыстыгына шек келтиришти.

БШК тарабынан түзүлгөн жумушчу топтордун ишин жеңилдетүү жана процесстин ар кандай аспектилерин алдын-ала карап чыгуу үчүн шайлоого байланыштуу пикирлердин ар тараптуу болушуна шарт түздү. Чечимдер кеңеш берүү мүнөздө болушу керек болгондугуна карабастан,

---

15 Мыйзамда мындай чечим кошумча бекитүүнү талап кылбайт деп айтылат.

16 Европа Кеңешинин Венеция комиссиясынын референдум өткөрүү боюнча мыкты тажрыйба кодексинин I.3.1.c-пунктунда “шайлоочулар берген добуштардын таасири жана ошондуктан референдумдун таасири жөнүндө маалымат берилиши керек” деп айтылат.

17 БШКнын 12 мүчөсү, президент, парламенттик көпчүлүк жана оппозициядан турган топтун ар бири төрттөн мүчөсүн көрсөтүү менен парламент тарабынан дайындалат. Төрайым менен биргеликте БШКнын төрт мүчөсүн аялдар түзөт. Учурдагы мүчөлөрдүн көпчүлүгү 2016-жылдын июнь айында дайындалса, жакында эки мүчөсү алмаштырылды. БШКнын бир мүчөсү 2020-жылдагы парламенттик шайлоого талапкерлигине байланыштуу сентябрь айында кызматтан кетсе, экинчиси 2020-жылдын октябрь айында БШКнын шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна жооп бербей жатат деген катуу сындарынан кийин БШКнын курамынан чыккан.

18 Белгилей кетүүчү нерсе, президенттикке талапкерлер жана референдум өткөрүү боюнча үгүт топтору үчүн БШК тарабынан өткөрүлгөн чүчүкулактын үч иш-чарасынын биринин дагы түз эфири жеткиликтүү болгон жок. БШК үч жолу чүчүкулак өткөрдү: 14-декабрда президенттикке талапкерлердин ортосунда акысыз обо убактысын жана басма аянтын бөлүштүрүү, 19-декабрда шайлоо бюллетенинде президенттикке талапкерлердин тартибин белгилөө жана 28-декабрда референдумдун үгүт топтору арасында акысыз эфирдик убакыт бөлүү боюнча болду.

19 Мисалы, БШКнын веб-сайтында жайгаштырылган маалыматка ылайык, жок дегенде жети арыз БШК тарабынан 4-декабрда каралып чыккан; бирок, чечимдер кабыл алынган күндөн он күндөн кийин гана веб-сайтка жайгаштырылган.

бул топтор, мезгил-мезгили менен үгүт эрежелеринин бузулгандыгы жана шайлоо өнөктүгүн каржылоо маселелери боюнча даттанууларды БШКнын отурумдарында каралбастан жок кылынды.[20] Президенттик шайлоо тыгыз мөөнөттө жана референдум менен бир мезгилде өткөндүгү, ДИАУБ ШЧБМдин кээ бир маектештеринин айтымында, кыш мезгилинде шайлоо процесстерин даярдоо жана өткөрүү жагынан кошумча кыйынчылыктарды жаратты.[21] ДИАУБ ШЧБМ өлкө ичинде барган бардык АШКлар менен УШКларда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар тарабынан жетиштүү материалдык-техникалык колдоого ээ болуп, тийиштүү ресурстар менен камсыздалгандыгын байкады. Окутуулардан тышкары, АШК жана УШК мүчөлөрү компьютерлер жана шайлоо иштеринин бардык этаптарын камтыган видео-окуу материалдары менен камсыз болушту.[22] АШКнын мүчөлөрүнүн дээрлик жарымы жана УШКнын мүчөлөрүнүн көпчүлүгү аялдар болгону менен, ар кандай этникалык азчылыктар, алар жергиликтүү калктын көпчүлүк бөлүгүн түзгөн жерлерде дагы, АШКларда жетишсиз санда корсотүлгон.Жалпысынан, ДИАУБ ШЧБМ төмөн турган  шайлоо комиссиялардын ишине оң баа беришти.

БШК, шайлоо алдындагы үгүт эрежелеринин бузулушуна жооп берүү жана аларды тергөө, атап айтканда добуштарды сатып алуу жана административдик ресурстарды колдонуу учурлары боюнча, укук коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн бир катар окутуу иш-чараларын өткөрдү. Ошондой эле, БШК, талапкерлердин өкүлдөрү үчүн үгүт иштери жана каржылык отчеттуулуктун эрежелери боюнча окутуу иш-чараларын уюштурду.

БШК, мамлекеттик телеберүүлөр аркылуу шайлоочулар үчүн кыргыз жана орус тилдеринде, шайлоого жана референдумга катышуунун маанилүүлүгү, шайлоочуларды каттоо, талапкерлер жөнүндө маалыматтар, жаштардын жана республикадан сырткары жерлерде жашаган шайлоочулардын катышуусу жана ошондой эле шайлоо күнүнүн процедуралары камтылганмаалыматтык роликтерди даярдады жана таратты, . Видео-роликтердин айрымдары сурдокотормо менен коштолгон. Булардан тышкары, референдум бюллетенинде коюлган суроолорду тандоо  жөнүндө шайлоочуларга ар тараптуу маалымат берилген жок. ДИАУБ ШЧБМдин байкоочулары, шайлоочулар, иш жүзүндө буга байланыштуу эч кандай маалыматка ээ эмес экендигин аныкташты.[23]

## Шайлоочуларды каттоо

Добуш берүү укугу шайлоо күнүнө карата 18 жашка толгон, бирок жасаган кылымышынын оордугуна карабастан эркинен ажырытылган жана соттун чечими аркылуу укугу чектелгендерден сырткары бардык кыргыз жарандарына берилет. Акыркы чектөөлөрдүн экөө тең эл аралык стандарттарга жана милдеттенмелерге каршы келет [24]

---

20 *Арыздар жана даттануулар* бөлүгүн караңыз.

21 Мисалы, резервдик сканерлөөчү шаймандардын жетиштүү санда болуусу, участоктордоCOVID-19 эрежелерин сактоо жана бейтараптуулукту камсыздоо боюнча маселелер ДИАУБ ШЧБМдин маектештеринин арасында тез-тез көтөрүлдү. Шайлоо жөнүндөгү мыйзамдын 48.2-беренеси боюнча мөөнөтүнөн мурда өтүүчү шайлоонун мөөнөтү төрттөн бирге кыскартылат.

22 11 мүчөдөн кем эмес АШКларды БШК түзөт, ал эми жети мүчөдөн кем эмес УШКларды тиешелүү АШКлар түзөт. Ар бир комиссиянын мүчөлөрүнүн жарымы саясий партиялар тарабынан көрсөтүлсө, калган жарымы жергиликтүү кеңештер тарабынан көрсөтүлөт.

23 1996-жылдагы БУУнун МУКтун Башкы Комментарийинин 11-параграфынын. ЖСУЭПтин 25-беренесинин 25-параграфында“Шайлоочуларды окутуу жана каттоо боюнча өнөктүк иштери 25-березенин укуктарын маалыматтуу жамаат тарабынан натыйжалуу пайдаланылышын камсыз кылуу үчүн керек” деп айтылат

24 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген Документинин 7.3-пунктунда катышуучу мамлекеттер “бойго жеткен жарандарга жалпы жана бирдей шайлоо укугуна кепилдик берилет” деп жазылса, ал эми 24-пунктунда “демократиялык коомдо ар кандай укуктар менен эркиндиктерди чектөө колдонулуп жаткан мыйзамдын максаттарынын бири менен байланыштырылып, ошол мыйзамдын максатына так пропорционалдуу болушу

Шайлоочуларды каттоонун формасы пассивдүү турдө жүргүзүлөт жана добуш берүүгө укуктуу жарандар шайлоочу катары катталуу үчүн биометрикалык маалыматын тапшырышы керек. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын (МКК) маалыматы боюнча, Кыргыз Республикасынын 450 миңге жакын жараны биометрикалык каттоодон өтүшкөн эмес, ошондуктан, өз шайлоо укугун колдоно албай келүүдө. [25] Калктын бирдиктүү реестри (КБКР) тарабынан берилген маалыматтардын негизинде шайлоочулардын эки окшош тизмеси түзүлүп, бири мөөнөтүнөн мурда өттүүчү президенттик шайлоого, экинчиси референдумга деп даярдалды. Бул тизмелерди жүргүзүү жана жаңылап туруу үчүн жоопкерчилик БШКга жүктөлгөн. Шайлоочулардын акыркы тизмесине 3 563 574 шайлоочу киргизилип, алардын 52% аялдар түздү.

Шайлоочулар туруктуу жашаган даректери боюнча жайгашкан шайлоо участкаларына бекитилди. Шайлоо мыйзамдарына акыркы өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилгенден кийин, Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган шайлоочулардын шайлоо дарегин чыныгы жашаган жеринин дарегине өзгөртүү мүмкүнчүлүгү алынып салынды. ДИАУБ ШЧБМдин көпчүлүк маектештери бул мүмкүнчүлүктүн жоюлушу 2020-жылдагы парламенттик шайлоодо кеңири колдонулган добуштарды сатып алуу схемаларын колдонуу тажрыйбасын басаңдатканы менен, жыйынтыгында, андан жапа чеккендер тарабынан, өз шайлоо укугун жүзөгө ашырууда тоскоолдуктар жаралган деп билдиришти.

МКНын маалыматы боюнча, маалыматтарды синхрондоштуруунун жоктугунан келип чыккан жана болжол менен 300 000 шайлоочуга таасир эткен улуттук ID карталардын маалымат базалары менен туруктуу жана убактылуу жашаган даректердин реестринин ортосунда айырмачылыктар бар.[26] Ага байланыштуу нюанстар айрым шайлоочулардын добуш берүү күнү добуш бере албай калышына алып келди.

Шайлоочулардын тизмесине жаңы дарек боюнча катталуу үчүн шайлоочуларга 2020-жылдын 29-декабрына чейин оңдоп-түзөө өтүнүчтөрүн билдирүүгө уруксат берилди. ДИАУБ ШЧБМдин байкоолоруна ылайык, БШКнын мындай өтүнүчтү аткаруудагы көрсөтмөлөрү УШКлар тарабынан ыраттуу колдонулган эмес. [27]

керек” деп жазылган. БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин ЖСУЭПтин 25-беренесинин 25-пунктундагы Жалпы комментарийдин 14-бөлүмүндө добуш берүү укугунан ажыратууга негиздер “объективдүү жана жүйөлүү” болушу керек деп айтылат. МУКтун 12-беренесиндеги № 1 Жалпы комментарийдин 48-бөлүгүндө “адамдын чечим кабыл алуу жөндөмдүүлүгү мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды [...] шайлоо укугун [жана] шайлоого катышуу укугун колдонуудан четтетүү үчүн негиз боло албайт” деп айтылат. Ошондой эле МУКтун 29-беренесин караңыз.

25 Биометрикалык маалыматтар (санарип манжа издери, сүрөт жана кол тамга) шайлоо күнү шайлоочулардын аныктыгын текшерүү үчүн колдонулат.

26 Алардын ичинен эски үлгүдөгү (2004-жылкы) паспортко ээ болгон 270 миң шайлоочу учурдагы туруктуу жашаган жерине карабастан, алардын эски паспортторунда көрсөтүлгөн дарек боюнча шайлоо участкаларында катталып калды. Ошол сыяктуу эле, 2017-жылдын жаңы күбөлүктөрүн алган шайлоочулар БШКнын төрайымы 23-декабрда биометрикалык күбөлүктөрүн жаңыртууну суранбаган учурда, эски даректер боюнча тизмеде кала берет деп билдирди.

27 Мисалы, оңдоп-түзөтүү өтүнүчүн кабыл алуунун ордуна, Бишкектеги УШК шайлоочуга МККдагы эски жарандыгын аныктоочу күбөлүктү жаңыртууга кеңеш берди. Ушундай эле кеңешти дагы бир шайлоочу БШКнын ишеним телефону аркылуу алган . Ошондой эле, Бишкек шаарындагы бир УШК шайлоочулардын даректер базасы убактылуу иштебей жаткандыгына байланыштуу, аларды оңдоо боюнча өтүнүчүн кабыл алган жок, ал эми башка УШКлар маалымат базасына киргүүгө мүмкүнчүлүк болбогондугуна карабастан оңдоп-түзөтүү өтүнүчүн кабыл алышты.

БШКнын документтерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилгенден кийин, шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү, шайлоо күнү нөөмөттө турган укук коргоо органдарынын кызматкерлери, шайлоочуларды биометрикалык идентификациялоо үчүн шаймандардын операторлору, саламаттыкты сактоо кызматкерлери жана шайлоо күнү шайлоо участкаларына дайындалган башка адамдар тиешелүү уюмдардын жана ведомстволордун жетекчилеринин буйруктарынын негизинде тиешелүү шайлоо участкаларындагы тизмелерге киргизилди.[28] Жалпысынан, ДИАУБ ЛИОМдун маектештери шайлоочуларды каттоо жана идентификациялоо үчүн колдонулган технологияларга тынчсыздануусун билдиришкен жок.

## Талапкерлерди каттоо

Кыргыз Республикасынын президентинин кызматына жашы 35тен 70ке чейинки, өлкөнүн ичинде 15 жылдан ашык жана туруктуу жашаган, мамлекеттик тилде эркин сүйлөгөн кыргыз жараны талапкер болуп каттулууга укуктуу. Кылмыш жазасын акырына чейин өтөп бүтпөгөн же мыйзамга ылайык аны жойо элек жарандардын каттоодон өтүүсүнө тыюу салат[29], бул көрүнүш ЕККУнун Копенгаген документинин 24-пунктуна каршы келет.[30] Башка өлкөнүн жарандыгы бар кыргыз жарандарына дагы шайлоого катышууга болбойт.[31]

Талапкерлер өз алдынча же саясий партиялар аркылуу шайлоого катыша алышат. Алгач БШКга 65 адам талапкерлигин көрсөтүү боюнча документтерин жөнөткөн, ал эми БШК 50 талапкердин катышуу укугун тастыктаган.[32] Шайлоого катышууга катталып жаткан ар бир талапкер жок дегенде 30,000 добуш берүүчүнүн кол тамгаларын топтоого, шайлоо өнөктүгүн каржылоо үчүн өз шайлоо фондун түзүүгө жана бир миллион (болжол менен 10 000 евро) шайлоо күрөөсүн төлөөгө милдеттендирилет.[33] ДИАУБдун сунуштарына ылайык, кол тамгалардын тизмелери керектүү сандагы кол тамгалар чогулганга чейин текшерилет.

Шайлоо мыйзамдарында белгиленген мөөнөткө чейин, көрсөтүлгөн жыйырма талапкер кол тамгалардын тизмесин жана шайлоо күрөөсүн төлөгөндүгүн тастыктаган документтер менен кошо жеке документтерин жөнөтө алышты.[34] Кол тамгалардын тизмесин текшерүү жана ырастоо процесси аяктагандан кийин, БШК жарактуу кол топтолбогондуктан эки талапкерди

28 Толуктоолор байкоочуларга карата багытталган эмес (*Коомдук жана Эл аралык байкоочулар* бөлүгүн караңыз).

29 2020-жылдын октябрь айында Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту Асанов, Жапаров жана Жээнбеков мырзаларга карата мурда чыгарылган сот өкүмдөрүн жокко чыгарды.

30 1996-жылдагы БУУнун КЖКБнын Башкы Комментарийинин 15-пунктунун 25-комментарийи “шайлоого катышуу укугуна болгон ар кандай чектөөлөр, мисалы, жаш курагы боюнча, объективдүү жана акылга сыярлык критерийлер боюнча аткарылышы керек. Шайлоого катышууга укугу бар адамдар негизсиз же басмырлоочу талаптардан улам четтетилбеши керек ”.

31 Шайлоо мыйзамдарын бузгандыгы үчүн санкцияларга байланыштуу айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө 2020-жылдагы ДИАУБ жана Венеция комиссиясынын биргелешкен корутундусунда “кош жарандыгы бар жарандар үчүн мамлекеттик кызматты ээлөөгө чектөөлөрдү азайтууга жана алып салууга тийиштүү көңүл буруу” сунушталды.

32 Үч талапкер соттуулугу жоюла электигине байланыштуу каттоодон четтетилсе, ал эми тогуз талапкер мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоочу сертификатты тапшырбагандыгы үчүн четтетилген. 65 талапкердин ичинен сегизи гана аял киши болгон жана алардын бирөөсү саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн.

33 Шайлоо күрөөсү добуштардын жок дегенде бир пайызын алган же бюллетень бекитилгенге чейин баш тарткан,жана БШК тарабынан каттоодон четтетилген талапкерлерге кайтарылып берилет. 1 евро болжол менен 100 сомду (*кыргыз сому*) түзөт.

34 Он сегиз талапкер өз ыктыяры менен талапкерликтен баш тартса, калган он экиси жетиштүү кол тамгаларды чогулта албагандыгына байланыштуу четтетилген.

каттоодон баш тартты.[35] Ошондуктан, БШК 18 талапкерди, алардын арасында бир аял талапкерди каттоодон өткөрдү. Текшерүү процесси талапкерлердин өкүлдөрү жана байкоочулар үчүн ачык өтүп, айкындуулукту камсыз кыла алды. Бир талапкер өз талапкерлигинен баш тартты.

Талапкерлерди каттоо жалпысынан инклюзивдүү болгондугуна карабастан, мыйзамдык жана процедуралык талаптарга толук түрдө жооп берүү бир нече талапкерлер үчүн оор болду.[36]

Кыргыз Республикасынын жарандары шайлоо бюллетенинде көрсөтүлгөн референдум маселелерин колдогон же ага каршы болгон үгүт топторун түзүүгө укуктуу. Шайлоо мыйзамдарында референдумдун үгүт топторун каттоого арыз берүү мөөнөтү каралбагандыктан, БШК, 2020-жылдын 28-декабрына чейин катталган 13 үгүт тобунун арасында акысыз эфирдик убакытты лотерея ыкмасы менен бөлүштүрдү. БШК ушул күндөн кийин референдумга үгүт топторун каттоону улантты, бирок андай топтор формалдуу түрдө акысыз эфирдик убакыт алышкан жок.

## Үгүт чөйрөсү

Шайлоо алдындагы үгүт иштери 2020-жылдын 15-декабрында башталып 2021-жылдын 9-январында, шайлоо участокторунун ачылышына 24 саат калганда, аяктаган.[37] Негизинен талапкерлердин инсандыгын жана профилин көтөргөн жалпы билдирүүлөргө, ошондой эле коррупция менен күрөшүү жана жакырчылыкты жоюу сыяктуу кенен темаларга көңүл бурулган. Шайлоочулар менен жолугушуу учурунда талапкерлер жергиликтүү аудиторияга ылайыкташтырылган билдирүүлөр аркылуу ар кандай регионалдык маселелерди чечүүгө убада беришти. Президенттик шайлоо алдындагы үгүттөөдө талапкерлердин инсандык сапаттарын талкуулоого басым жасалганы менен программалык маселелер жетишсиз болду. Референдум боюнча үгүт иштеринин көпчүлүгү президенттикке талапкерлердин үгүт иштеринин жанында жүргүзүлдү.

Үгүт чөйрөсү көрүнүктүүлүгү, жеткиликтүүлүгү жана географиялык масштабы жагынан талапкер Жапаровдун басымдуулук кылышы менен мүнөздөлдү. Калган талапкерлер үгүт иштерин эркин жүргүзгөнү менен, ресурстардын жана уюштуруучулук мүмкүнчүлүктөрдүн жетишсиздигинен улам алардын үгүт иштерин өлкө боюнча жүргүзүүгө шарттары болгон жок. Айрым талапкерлер аймактарда бир канча үгүт иштерин жүргүзүшсө, айрымдары Бишкектен тышкары үгүт иштерин таптакыр жүргүзгөн жок. [38]

Талапкерлер үгүт иштерин шайлоочулар менен массалык жолугушуулар аркылуу, үймө-үй кыдырып, сурамжылоолорду өткөрүп, плакаттар жана жарнак такталары, салттуу жана

---

35 Бир учурда жалпы 30 106 сандагы берилген кол тамгалардын 902си жараксыз деп табылса, ал эми экинчи учурда, кол тамгалар коюлган баракчаны толугу менен жараксыз деп табылгандыгы, ага себеп болуп, кагаздарды басып чыгарууда каржылык отчеттун шарттарынын бузулгандыгы айтылат.

36 Жети талапкер БШКга кол топтоонун кыскарган мөөнөтүнө байланыштуу көйгөйлөрүн билдирип кайрылышты. Потенциалдуу талапкерлер шайлоо фонду ачылгандан кийин гана кол топтоого кирише алышат. БШК талапкерлерге төрт-тогуз күндүн ичинде тиешелүү күбөлүктү берип, кол топтоо мөөнөтүн андан дагы кыскарткан.

37 9-январда ДИАУБ ШЧБМдин Медиа мониторинг тобу 7-*каналдан* талапкерлер Мадумаров менен Исаевди терс чагылдырган бир нече көрсөтүүлөрдү камтыган үгүт өнөктүгүнүн бузулган учурларын аныктады.

38 Талапкер Сооронкулова Жапаровдун тарапташтары тарабынан коркутуулар бар экенин сезгендиктен, ал борбор калаа сыртында үгүт иштерин жүргүзбөгөнүн, ал эми талапкер Жээнбеков ага карата козголгон кылмыш иштери боюнча соттун чечими менен Бишкекте калууга аргасыз болду.

социалдык тармактарда чагылдырды.[39] Талапкер Жапаровдун үгүт иш-чараларына бир нече миң киши катышкан болсо, башка талапкерлердин жолугушууларына жана иш-чараларына катышуучулардын саны бир нече жүздөн ашкан жок. Координацияланган республикалык масштабтагы өнөктүк Жапаров мырзанын мисалында гана кеңири чагылдырылганы байкалып турду. Анын талапкерлигин жарнамалаган көптөгөн плакаттар, көрнөк-жарнактар жана баннерлер буткүл өлкө боюнча орун алды, ал эми башка талапкерлердин жарнамалары айрым учурларда гана байкалган. Жыйынтыгында, Жапаров мырза социалдык тармактарда дагы эң көп кездешип жатты. Шайлоо өнөктүктөрүнүн масштабындагы жана көрүнүктүүлүгүндөгү бул тең салмаксыздык үгүт каражаттарынын тең салмаксыздыгында негизделген. [40]

ДИАУБ ШЧБМдин бир нече маектеши, талапкер Жапаров шайлоо өнөктүгүндө колдонгон мамлекеттик резиденция сыяктуу мамлекеттик ресурстарды мыйзамсыз пайдалангандыгын билдирди.[41] Мындан тышкары, Жапаров мырзанын шайлоочулар менен жолугушуусуна мамлекеттик кызматкерлердин уюшкан катышуусу, ошондой эле башка талапкерлердин үгүт иштерине жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар тарабынан көрсөтүлгөн көмөктүн көлөмү бирдей эместиги жөнүндө ишенимдүү маалыматтар алынды.[42] Административдик ресурстарды туура эмес пайдаланган деген айыптоолор жана уюшкан кылмыштуулуктун таасири жөнүндө жалпы кооптонуулар иштин жүрүшүндө айтылды.

Көпчүлүк талапкерлер үгүт иштерин өз алдынча жүргүзүп жатышкан учурда, үгүт өнөктүгүнүн экинчи жарымында талапкерлер Иманалиев, Исаев, Мадумаров жана Сооронкулова, Жапаров мырзаны легитимсиз талапкер катары тааныштыруу аракетинде биргелешип, анын соттуулугун жоюудагы мыйзамсыздыгына, иш жүзүндө эч качан президенттин ыйгарым укуктарынан жана ресурстарынан баш тарткан эместигине токтолушту.[43]

БШК референдум үчүн он беш үгүт тобун каттады.[44] Президенттик башкаруу системасын колдоо өнөктүгү негизинен Жапаров мырзанын шайлоо өнөктүгү менен биргеликте жүргүзүлдү.[45]

39 ДИАУБ ШЧБМ Жапаров мырзаны сындагандарга жеке чабуулдарды камтыган жакшы координацияланган социалдык медиа өнөктүктөрү жөнүндө ишенимдүү отчетторду алышты.

40 *Үгүт иштерин каржылоо* бөлүгүн караңыз.

41 Шайлоо мыйзамынын 21-1-беренеси административдик ресурстарды үгүт иштеринде колдонууга тыюу салат, атап айтканда, “мамлекеттик органдардын эсебинде турган жерлерди [...] пайдаланууга”. 22-декабрда берген маегинде Жапаров мырза президенттин резиденциясын пайдалануу мыйзамдуу болгонун айткан.

42 Мисалы, ДИАУБ ШЧБМдин маектештери Өзгөн шаарында (Ош облусу) айылдык кеңештин башчысы мугалимдерге талапкер Жапаров менен болгон жолугушууга катышууга буйрук бергендигин маалымдашты. Токмок шаарында (Чүй облусу) 150дөн ашык милиция кызматкерлери Жапаров мырзанын элдер менен болгон жолугушуусуна катышышты. Ош шаарында мамлекеттик кызматкерлер өздөрүнүн саясий эркин билдирүүдөн кооптонуп, Жапаров мырзадан башка бирөөлөр үчүн атайын жайларга плакаттарды илүүдөн коркушканын билдиришти. Нарында, мамлекеттик кызматкерлер Жапаров мырзанын элдер менен жолугушууларды өткөрүү үчүн жергиликтүү стадионду оңдолуп жаткандыгына карабастан берүүгө мажбур болуп жатышканын билдиришти.

43 29-декабрда бул талапкерлер БШКнын мурунку чечимине каршы чыгып, Бишкек административдик сотуна биргелешкен доо арыз беришкен. Алар президенттин расмий резиденциясын, кызматтык унаасын, президенттин коопсуздугунун деталдарын, ошондой эле Жапаров мырзанын мамлекеттик жана аймактык чиновниктердин үстүнөн президенттин ыйгарым укуктарын *де-факто* жүзөгө ашырышын пайдаланган деп айыпташкан. Сот жарааны БШКнын чечимдерине даттануу үчүн белгиленген мөөнөттө берилбегендиктен, 2-январда четке кагылды .

44 Президенттик форманы колдоо үчүн сегиз “макул” үгүт тобу, президенттик формага “каршы” бир үгүт топ, парламенттик форманы колдоо үчүн үч “макул” үгүт тобу, ал эми парламенттик формага “каршы” бир үгүт топ катталган болсо, “бардыгына каршы” дагы бир үгүт топ катталды.

45 Бардык аймактардагы ДИАУБ ШЧБМдин узак мөөнөтүү байкоочулары референдум боюнча суроолорду, маектештер тарабынан түшүнүүсү негизинен Жапаров мырзанын шайлоо алдындагы сөздөрүнө байланыштуу экендигин билдирди.

Калган талапкерлердин көпчүлүгү референдум өткөрүү идеясын четке кагып, өз тарапташтарын добуш берүүдөн баш тартууга, же башкаруунун парламенттик формасына добуш берүүгө, ал тургай “баарына каршы” варианттына добуш берүүгө үндөштү. Ошол эле учурда, бул талапкерлердин шайлоо алдындагы үгүт иштери көпчүлүккө көрүнбөй калгандыктан, алардын референдумга байланыштуу билдирүүлөрү дакөрүнбөй калган . ДИАУБ ШЧБМдин маектештери референдум бюллетенинде орун алган үч тандоошайлоочулар үчүн түшүнүү кыйын экендиги белгилешкен.Алардын айтымында, Кыргыз Республикасынын Конституциясына киргизилген мындай кеңейтилген түзөтүүлөр шайлоочулар менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана алар менен кеңешүү үчүн көбүрөөк убакытты талап кылат.[46]

## Үгүт иштерин каржылоо

Шайлоо жана референдум өткөрүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары үгүт иштерин каржылоонун ачык-айкындуулугун камсыз кылат; бирок, айрым аспекттер дагы эле жөнгө салынбай келет. Каралып жаткан эки мыйзамда тең үгүт өнөктүгүн каржылоонун жеке булактарына жол берилет жана жакынкы келечекте шайлоо өнөктүктөрүн бюджеттен каржылоо болжолдонбойт. Шайлоо мыйзамдарына киргизилген акыркы өзгөртүүлөр жана толуктоолор ыктыярдуу негизде ыктыярчыларды тартууга мүмкүнчүлүк берет жана мындай көрүнүш ДИАУБдун мурунку сунушуна ылайык келет.[47]

Шайлоо өнөктүгүнүн бардык кирешелери жана чыгашалары шайлоо фондунун атайын банктагы эсеби аркылуу жүргүзүлүшү керек. Шайлоо өнөктүгүн каржылоону көзөмөлдөө БШКга жүктөлөт, ал шайлоо фонддорунун кирешелери жана чыгашалары жөнүндө маалыматты өзүнүн сайтына жарыялап турат.[48]

Президенттик шайлоо өнөктүгү да, референдум өнөктүгү да жарандардын жана юридикалык жактардын, анын ичинде саясий партиялардын салымдарынын эсебинен каржыланат. Бирок, саясий партиялардын бири дагы өз салымын кошкон жок. Чет өлкөлүк, мамлекеттик же белгисиз булактардан, диний жана кайрымдуулук уюмдарынан салым кошууга тыюу салынат. Капиталдык эмес салымдарга уруксат берилет, бирок алардын нарктык баалуулугуна жараша бааланат.[49]

Шайлоо алдындагы үгүт иштерин каржылоо эрежелери талапкерлердин шайлоо өнөктүгүнө 50 миллион сомго чейин (500 000 евро) ири суммадагы салым кошууга мүмкүндүк берет. Президенттикке талапкер өзүнүн шайлоо өнөктүгүнө 15 миллион сомго чейин (150 000 евро) салымын кошо алат, ал эми чыгымдардын чеги 200 миллион сом (2 000 000 евро) деп

---

46 Венеция комиссиясынын Референдумдагы мыкты тажрыйба кодексинин 3.1-пунктунда “бийлик объективдүү маалымат бериши керек. Демек, референдумга берилген текст жана түшүндүрмө отчету же сунуштун тарапташтары менен каршылаштарынын салмактуу үгүт материалдары шайлоочуларга алдын-ала жеткиликтүү болушу керек” деп айтылган.

47 41.10-беренеде ыйгарым укуктуу өкүлдөр, ишенимдүү адамдар, байкоочулар, талапкерлердин, шайлоо комиссияларындагы саясий партиялардын өкүлдөрү өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга, шайлоого түздөн-түз же кыйыр түрдө байланыштуу жумуштарды жана кызматтарды акысыз жүзөгө ашырууга укуктуу.

48 Үгүт мезгилинде БШКнын мүчөлөрүн жана кызматкерлерин камтыган, БШКга үгүт иштерин каржылоону көзөмөлдөөгө көмөктөшүү үчүн БШК тарабынан *атайын* көзөмөлдөө ревизия тобу түзүлдү.

49 Бул салымдар президенттикке талапкерлердин акыркы отчетунда гана чагылдырылат.

белгиленген.[50] Мыйзамдарда референдум өнөктүгүнө салымдардын жана чыгымдардын чеги белгиленген эмес, бул эл аралык стандарттарга жана алдыңкы тажрыйбаларга каршы келет.[51]

БШКнын маалыматы боюнча, талапкер Жапаров 67 миллион сомдон ашык (670 000 евро), талапкер Тольбаев 11 миллион сомго жакын (110 000 евро), калган талапкерлер ар бири орточо 3 миллион сомдон (50 000 евро) чыгым жумшашкан.[52] ДИАУБ ШЧБМдин бир нече маектеши үгүт иштерине байланыштуу айрым каржылык операциялар атайын банк эсебинен өтпөгөндүгүн, бул мыйзамга каршы келгенин билдиришти.[53] Референдумдун үгүт топтору үчүн 15 атайын эсеп ачылды. Бирок, үгүт өнөктүгүнүн кирешелери жана чыгашалары жөнүндө маалыматтар, үгүт топторунун алтоосу үчүн гана жума сайын жарыяланып турду, ага ылайык, анын жалпы суммасы 1 миллион сом (10000 евро) кирешелерди жана 360 000 сом (3,600 евро) чыгашаларды түздү

Мыйзамга ылайык, бардык президенттикке талапкерлер шайлоо күнүнө чейин ачыктыкты камсыз кылып, эки аралык отчет беришкен. Ал эми, референдумдун үгүт топтору референдумдун жыйынтыктары жарыяланган күндөн тартып 30 күндүн ичинде гана финансылык отчетун берүүгө тийиш.

**Жалпыга маалымдоо каражаттары**

Республикадагы динамикалуу медиа чөйрөсү чакан жарнама рыногу менен чектелген, COVID-19 пандемиясынын кесепетинен ого бетер кыскарган. Телеберүү негизги маалымат булагы бойдон калууда, андан кийин, ага жакынкы орундукта онлайн жана социалдык медиа турат. Эң көп көрүлгөн *КТРК* коомдук жана *ЭлТР* мамлекеттик телеканалдарында, октябрь айындагы нааразычылыктардан кийин көп өтпөй, алардын башкы директорлору алмашты. Дагы эки улуттук телеканал, *5-канал* жана *Пирамида*, 2010-жылы улутташтырылгандан бери, мамлекеттин көзөмөл астында болуп келет. Финансылык туруктуулук жок болгонуна байланыштуу, ДИАУБ ШЧБМ жолугушкан бардык жеке ЖМКлар чыгым менен иштеп жаткандыгын билдиришип, менчик ЖМКлар көбүнчө саясий жактан каржылык издөөгө же эл аралык донордук уюмдардан жардам күтүүгө аргасыз болушат, ал эми ири менчик телерадиокомпаниялардын ээлери саясий ангажирленген.

Мыйзамдарда инсандын аброюна шек келтирген доолор үчүн материалдык компенсациялардын өлчөмүнө болгон чектөөлөр каралбагандыктан, калыс, аналитикалык жана иликтөөчү отчет берүүлөргө терс таасирин тийгизген олуттуу компенсация талаптарынын бар болуусу тиешелүү маалымат каражаттарынын жабылышына алып келиши мүмкүн деген

---

50 Бир гана талапкер Жапаров уруксат берилген максималдуу сумманы өз ресурстарынан кошту.

51 1996-жылдагы БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин Башкы Комментарийинин 19-параграфындагы ЖСУЭПтин № 25 комментарийинин 25-бөлүгүндө “Эгерде, кайсы бир талапкердин же партиянын өтө көп өлчөмдө акча каражаттарын сарптоосу добуш берүүчүлөрдүн же демократиялык процесстин жүрүшүнө терс таасирин тийгизээри байкалса, үгүт иштерин каржылоого багытталган акча каражаттарына чектөө киргизүүгө болот” деп айтылат. Венеция комиссиясынын 2006-жылкы Референдум өткөрүү боюнча мыкты тажрыйба кодексинин 24-беренесинде: "Саясий партияларды жана шайлоо кампанияларын мамлекеттик жана жеке каржылоо боюнча улуттук эрежелер референдум өнөктүгүндө колдонулууга тийиш" деп айтылат.

52 Жалпысынан 17 талапкердин бардыгы 123 миллион сом сарпташты (1 230 000 евро). Ушул сумманын ичинен Жапаров мырзанын чыгымдары 54 пайызды түздү, Тольбаев мырзаныкы - 10 пайызт, калганы - 36 пайызды туздү.

53 Мисалы, талапкерлер Сооронкулова, Мадумаров, Иманалиев жана Исаевдин 29-декабрдагы жолугушуусу үчүн жыйындар залынын ижара акысын түздөн-түз жарандык активист төлөп берген. Дагы бир мисал, Чүй облусунун Кара-Балта шаарындагы талапкер Жапаровдун жарнамалык тактанын акысын жарнактын ээси төлөгөн.

тобокелчилик бар.[54] Акыркы мезгилде журналисттерге карата физикалык жана оозеки, ошондой эле, социалдык тармактардагы, кээде президенттике талапкер тарабынан түздөн-түз козутуучу чабуулдардын болушу, мындан ары өзүн - өзү цензуралоого өбөлгө түзүшү мүмкүн.[55] ДИАУБ ШЧБМдин мүчөлөрү жолуккан менчик маалымат каражаттарынын өкүлдөрүнүн көпчүлүгү, өкмөттүк мекемелерден маалымат алуу жагынан бир топ кыйынчылыктарга дуушар болуп, өкмөттүк аффилирленген маалымат каражаттарына артыкчылыктуу мамиле жасалат деп билдиришти.[56] Анын үстүнө, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин расалык, диний же регионалдык кастыкты козутууга тыюу салган беренелеринин анык эмес чечмелениши акыркы бир нече жыл аралыгында *change.org* сыяктуу бир катар веб-сайттардын жабылышына жана блогерлердин кармалышына алып келди. [57]

Шайлоо жөнүндөгү мыйзамдарда үгүт иштеринин аныктамасы кеңири берилгендиктен, журналисттик чагылдыруулар де-факто, жарнамалык акы төлөөнүчү материал катары берилет. Мындай көрүнүштөр, бирдей чагылдыруу жагынан мыйзам талаптарынын формалисттик чечмеленишине байланыштуу, аналитикалык жана редакторлук чагылдырууга жол берилген чөйрөнү чектейт. Жыйынтыгында, бул акы төлөнүүчү шайлоого байланыштуу жаңылыктарды чагылдыруунун басымдуу бөлүгү талапкерлер тарабынан төлөнүп, анын 99 пайызы Жапаров мырзага таандык. ДИАУБ ШЧБМдин медиа мониторинг тобу, мониторинг жүргүзгөн бардык телеканалдарда, президенттикке талапкерлер жөнүндө жаңылыктардын чагылдырылышынын 76 пайызы акы төлөнгөн деген тыянакка келди.[58] Мындай чагылдыруулар, акы төлөнгөн деп так же ыраттуу аныкталбагандыктан, шайлоочуларды анын мүнөзүнө жараша потенциалдуу түрдө адаштырышы мүмкүн. ДИАУБ ШЧБМ жолугушкан бир катар телекомпаниялардын өкүлдөрү, президенттик үгүт кампанияны редакциялык жактан чектелген түрдө чагылдырууда, аккредитацияны жана жарнамадан түшкөн кирешени жоготуп алуу коркунучу менен түшүндүрдү.[59] Мониторинг жүргүзүлгөн ЖМКнын жаңылыктар бөлүмүндөгү акы төлөнүүчү материалдардын 99 пайыздан ашыгы талапкер Жапаровдун үгүт иштерин камтыгандыктан, үгүт

---

54 Журналисттик иликтөөнүн коррупция боюнча корутундусу 2019-жылы ноябрда жарыялангандан кийин, Эркин Европа / *Азаттык* радиосунун жергиликтүү бөлүмүнө, *Kloop.kg* сайтына жана тергөө ишин жетектеген журналистке жалаа жабуу боюнча соттук териштирүүлөр болгон. Чегерилген чыгымдар тиешелүүлүгүнө жараша 22,5 млн сом, 12,5 млн сом жана 10 млн сомду түздү. Учурда иш Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунда каралууда. МУКтун ЖСУЭПке 34 - башкы комментарийинин 47-пунктунда мындай дейт: “Кошулган мамлекеттер негизсиз жазалоочу чараларды колдонуудан алыс болуш керек. Тиешелүү учурларда, кошулган мамлекеттер жеңүүчү тарапка келтирилген зыяндын ордун толуктоо боюнча жоопкерге коюлган айыптарга негиздүү чектөөлөрдү белгилеши керек”.

55 10-октябрдагы пресс-конференция учурунда Жапаров мырза “маалыматты бир аз бурмалап” берип жаткандыгы үчүн анын жактоочулары *Азаттыкты* коркутушкан деп түшүндүрдү. 20-декабрда Жапаров мырза *Азаттыктын* журналисттерин “эл душмандары” деп атады (кийин оңдолгон) Фейсбуктагы билдирүүсүндө.

56 ЖСУЭПтин № 34- жалпы комментарийинин 19-параграфында “Маалыматка жетүү укугун иш жүзүнө ашыруу үчүн, мүчө мамлекеттер коомдук кызыкчылыкты камтыган мамлекеттик маалыматты коомдук жайга активдүү жайгаштырышы керек. Катышкан мамлекеттер мындай маалыматка оңой, ыкчам, натыйжалуу жана иш жүзүндө жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу үчүн бардык аракеттерди көрүшү керек”.

57 Медиа Полиси Институту бейөкмөт уюмунун 2019-жылдагы отчетунда блогерлерди кастыкты козуткандыгы үчүн сот жообуна тартылган үч учур камтылган. ЖСУЭПтин 20.2-беренесине ылайык “кастык, басмырлоо, душмандык жана зомбулукту козутууга үндөгөн улуттук, расалык же диний кастыкка үгүттөөгө " тыюу салынат. ЖСУЭПтин № 34 Жалпы пикиринин 25-параграфында мыйзамдардан “алардын аткарылышы үчүн жоопту адамдарга сөз айкаштарынын туура чектелгендигин жана кандай түрлөрү жок экендигин аныктоого мүмкүндүк берүүчү жетиштүү жетекчиликти” талап кылат.

58 15-декабрдан 8-январга чейин ДИАУБ ШЧБМ тарабынан алты телеканалга(*5-канал*, *7-канал*, *ЭлТР*, *КТРК*, *НТС* жана *Пирамида*) жана төрт веб-сайтты (*24.kg*, *kaktus.media* жана *Kloop.kg* орусча версияларын жана *Азаттыктын* кыргызча басылмаларына) мониторинг жүргүзүлдү.

59 БШК убакытты жана мейкиндикти сатууга кызыкдар болгон бардык ЖМКлардан бир катар документтерди, анын ичинде саясий жарнама үчүн прейскуранттарды тапшырууну талап кылды, аккредитация алуу үчүн кийинчерээк мыйзам бузулган учурда аны жокко чыгарууга болот.

кампаниясынын редакциялык жактан чектелүү түрдө чагылдырылуусу, шайлоочуларга жеткиликтүү болгон маалымат чөйрөсүн кыйла кыскартып, ошону менен алардын маалыматтуу тандоо мүмкүнчүлүгүн басаңдатты.

Жогоруда айтылгандарга салыштырмалуу, төрт мамлекеттик телекомпаниялары – *5-канал, ЭлТР, КТРК, Пирамида* - жана менчик *7-канал* өз жаңылыктар блокторунда, ток-шоулар учурунда жана учурдагы берүүлөрүндө негизинен президенттик башкаруу формасын Кыргыз Республикасы үчүн бирден-бир пайдалуу деген маалыматтарды жайылтып, ошол эле учурда парламенттик башкаруу формасын жамааттык жоопкерчиликсиздиктин системасы катары катуу сынга алды.[60] Ал эми менчик *НТС* телекомпаниясы өз жаңылыктар бөлүктөрүндө БШКнын расмий билдирүүлөрүнө гана басым жасап, референдумдун суроолорун чагылдыруудан баш тартты. Парламенттик башкаруу формасын колдогон үгүт тобунун лидери, *КТРК, ЭлТР* жана *Пирамида* телеканалдары жаңылыктар жана учурдагы берүүлөрүндө президенттик системаны колдоп үгүт иштерин жүргүзгөндүгү боюнча арыздарды БШКга жөнөткөндөн кийин, БШК үч телеканалдан референдумга коюлган суроолорду бирдей чагылдырууга чакырды. *КТРК* парламенттик башкаруу формасын колдогон эксперттерди таба албайбыз деп билдирди. Үгүт маалында референдумдун суроолоруна жооп берүү үчүн акы төлөнүүчү саясий жарнамалар көрсөтүлбөгөнүнө карабастан, Жапаров мырза төлөгөн жаңылыктар бөлүгүндө айрым саясий жарнамалар президенттик башкаруу формасын үгүттөгөн болсо, ал эми калган президенттикке талапкерлер бөлүнгөн эфирдик убакыттын ичинде парламенттик башкаруу формасын үгүттөдү.[61]

Шайлоо мыйзамдарынын жоболоруна ылайык, референдумга коюлган суроолорду талкулоо үчүн мамлекеттик аффирленген ЖМКлар, талапкерлер менен “макул” же “каршы” үгүт топторуна акысыз эфирдик убакытты, жалпысынан, “бир жумушчу күнгө бир сааттан кем эмес” бөлүп берүү каралган. Көптөгөн талапкерлердин жана референдумдун үгүт топторунун шайлоочулар менен байланышуусунун бирден-бир мүмкүнчүлүгү болгон *КТРК* менен *ЭлТР* акысыз эфирдик убакытты бөлүп берген болсо, мамлекет тарабынан башкарылган жана каржыланган *5-канал* менен *Пирамида* акысыз эфирдик убакытты бөлгон жок. Мындан тышкары, 28-декабрда өткөрүлгөн референдумду үгүттөө үчүн акысыз эфирдик убакытты бөлүштүрүү боюнча чүчүкулактын жүрүшүндө шайлоо өнөктүгүнүн калган күндөрү гана эске алынып, шайлоочулардын маалыматтуу тандоо мүмкүнчүлүгүн ого бетер чектеди. Мыйзамдардагы талаптарга ылайык, телеканалдар дебаттар үчүн бөлүнгөн убакыттын кеминде жарымын бөлүп берүүсү керек, бирок, *ЭлТР* президенттикке талапкерлердин арасында дебаттарды уюштурган эмес. Парламенттик шайлоо өнөктүгү учурунда БШКнын жумушчу тобу тарабынан көрсөтмө берилген деп, башка менчик телеканалдар дагы муну жасашкан жок.[62] *КТРК* тарабынан жалпысынан алты жолу президенттик дебаттар уюштурулду. Талапкер Жапаров дебатка катышпоону чечкен жалгыз талапкер болду, муну ал ушак-айыңдарга убакыт короткусу келбегендиги менен түшүндүрдү. Талапкерлер бири-бирине болгону бир гана суроо бере алгандыктан, бул теледебаттардын форматы катышуучулардын ортосундагы байланышты чектеп, теледебаттардын алып баруучулары кээ бир учурларда президенттик башкаруу

[60] Венеция Комиссиясынын Шайлоо маселелериндеги мыкты практиканын кодексинин I 2.2.-пунктунда “сунушту колдогондор жана каршылаштар башка коомдук массалык маалымат каражаттарында, айрыкча жаңылыктар берүүлөрүндө тең салмактуу чагылдырылышын камсыз кылышы керек” деп айтылат.

[61] Президенттикке талапкер Калмаматов ошондой эле президенттик системага каршы референдумдун үгүт тобун каттоодон өткөрүп, натыйжада референдумга ажыратылган акысыз эфирдик убакыттын төрттөн бир бөлүгүн алды.

[62] 22-сентябрда БШКнын Шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъекттерин маалымдоо маселелери жана үгүт эрежелери боюнча жумушчу тобу *Next TV*га дебаттарды уюштурууга уруксат берген жок. Муну менчик маалымат каражаттары БШКнын расмий позициясы катары кабыл алышты.

формасын колдогон суроолорду берди.[63] БШК төрайымынын орун басары жиберген катынан кийин, *КТРК,* талапкерлерге карата терс кабыл алынышы мүмкүн болгон билдирүүлөргө тыюу салып, мындай иш аракеттер дебаттардын маалыматтык маанисин ого бетер төмөндөттү.[64]

Телеканалдарга салыштырмалуу, мониторинг жүргүзүлүп жаткан онлайн маалымат каражаттары президенттикке талапкерлердин бардыгы жөнүндө көбүрөөк маалымат берди; бирок, Садыр Жапаров терс контекстте көбүрөөк чагылдырылып жатты. Мониторинг жүргүзүлгөн төрт веб-сайттын бардыгы тең редакторлук материалдарды чагылдырууда референдумдун мыйзамдуулугу боюнча суроолорду көтөрүп, референдумга коюлган суроолор чектелген санда гана чагылдырды: *Азаттык* парламенттик башкарууну формасын жактаса, *Kloop.kg* президенттик башкаруу формасын кескин сынга алды.

## Арыздар жана кайрылуулар

Шайлоого байланыштуу арыздарды жана даттанууларды шайлоочулар, саясий партиялар жана талапкерлер, алардын ишенимдүү адамдары, жарандык коом уюмдары жана байкоочулар бере алышат. Шайлоо комиссияларынын чечимдерине, аракеттерине жана аракетсиздигине карата жогору турган комиссияларга, ал эми БШКнын чечимдерине биринчи Бишкек шаарынын Административдик сотуна, ал эми Административдик соттун чечимдерине, акыркы инстанциядагы Жогорку сотко даттанууга болот. [65]

Шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна ыкчам чара көрүү максатында БШК Ыкчам чара көрүүнүн координациялык тобун түзгөн, анын курамына укук коргоо органдарынын өкүлдөрү кирген жана ал арыздарды кайра багыттоонун механизмине айланды. Бирок, бул топко келип түшкөн арыздардын көпчүлүгү БШКга даректелген расмий даттануулар деп таанылбагандыктан, БШКнын компетенциясына караштуу болгондугуна карабастан, БШК тарабынан каралбай калган.[66] БШК шайлоого болгон арыздарга санкцияларды колдонуу мүмкүнчүлүгү болгон эле, анткени шайлоо процесси бүткөндөн кийин укук коргоо органдары тарабынан жүргүзүлүп жаткан тергөө иштери уланып кетүүсү мүмкүн. Учурдагы мыйзамдарда сотко чейинки тергөөнүн акыркы мөөнөтү каралган эмес. 14 арыз шайлоо күнүнө чейин каралбай калган.

Мындан тышкары, шайлоо алдындагы жана референдумга үгүттөөгө, ошондой эле үгүт иштерин каржылоого байланыштуу айрым даттанууларды башка жумушчу топтордо каралып, кээде расмий эмес мүнөздө каралган. [67] БШК тарабынан мыйзам бузууларга өз убагында реакциянын

---

[63] Мисалы, 2021-жылдын 6-январында болгон теледебат учурунда модератор: “Көптөгөн эксперттердин айтымында, парламенттик система ийгиликсиз. Парламенттик башкаруу формасы учурунда жоопкерчиликсиздик, коррупция жана пара алуу күч алган. Парламенттик система эмнеге кыйроого учурады? "

[64] 30-декабрда алты талапкердин ортосунда дебаттар өтүп, Садыр Жапаров ал дебаттарга келбегенине карабастан анын дарегине карата берилген суроолорду камтыган эфирди чыгаруудан көп өтпөй, *КТРК* Youtube каналындагы жазуусуна чектөө киргизип, расмий Facebook баракчасынан өчүрдү. Телерадиокомпания техникалык мүчүлүштүктөн улам программалар жоголуп кетти деп түшүндүрүп, жазууну 4-январда гана кайрадан жүктөдү. Үч талапкердин даттануусунан кийин БШК жыйынтык чыгарып, дебаттарга онлайн режиминде кирүү *КТРК* тарабынан кайра калыбына келтирилгендиктен, БШК тарабынан санкцияларды колдонуунун кереги жок болуп калды.

[65] Шайлоо комиссияларына жана сотторго келип түшкөн арыздар жана даттануулар, анын ичинде шайлоонун жыйынтыктары боюнча арыздар, үч күндүн ичинде жөнөтүлүп, дагы үч күн ичинде каралып чыгып же кошумча тергөө талап кылынса, беш күндүн ичинде каралышы керек. Жогорку Сотко жиберилген арыздар жана даттануулар беш күндун ичиндекаралышы  керек.

[66] Шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамдын 7-беренесине ылайык, БШК шайлоо мыйзамдарынын сакталышын камсыздоого артыкчылык укугуна ээ жана административдик жаза чараларын колдоно алат .

[67] Кээ бир арыздарга жана даттанууларга жумушчу топтордун каты менен жооп берилген.

жоктугу шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна болгон мыйзамдуу чаралардын натыйжалуулугун төмөндөттү. Жалпысынан, БШК өз отурумдарында он сегиз гана арызды караган, алардын көпчүлүгү үгүт эрежелеринин бузулушуна байланыштуу болгон. Бул арыздардын бир тобу талапкерлерге , ошондой эле президенттик моделди колдогон үгүт топторуна караганда парламенттик системаны колдогон үгүт топторуна бирдей эмес мамиле жасоо тууралуу болгон. . БШК теңчилик бузулган деп тапса дагы, айрым учурларда күрөшүү үчүн бирдей шарттарды камсыз кылуу үчүн натыйжалуу чараларды көрүүнү каалабаган учурлар болгон.[68]

БШК арыздардын онлайн реестрин жүргүзүп, ага Ыкчам чара көрүүнүн координациялык тобуна келип түшкөн арыздар да киргизилген. Мындай куралдын бар экендиги жалпы ачык айкындуулукту жана шайлоо мыйзамдарынын бузулушу жөнүндө калктын маалымдуулугун арттырды. Бул реестрден алынган маалыматтарга ылайык үгүт эрежелерин бузгандыгы боюнча 80 арыздын жана кайрылуунун 40ы талапкер Жапаровго карата болгон. Анын ичинен 30 арыз укук коргоо органдары тарабынан четке кагылып, БШК өзүнүн отурумдарында төрт гана арызды караган. БШК мөөнөтүнөн мурда үгүт жүргүзгөндүгү үчүн эки талапкерге айып пул салса, ушул эле жагдайларда Жапаров мырзага карата түшкөн арыз боюнча айып пул катышкан жаранга гана салынган. Дагы бир учурда, БШК Мадумаров мырзанын үгүт штабынын башчысы жашы жете элек жаранды үгүт иш-чараларына катыштырганы үчүн айып пул салган болсо, ал эми, ошол эле учурда, президенттикке талапкер Жапаровдун үстүнөн түшкөн ушуга окшогон мыйзам бузуусу жөнүндөгү арыз БШКнын жыйынында такыр каралган эмес. БШК Жапаров мырза менен шайлоочулардын жолугушуусунда үгүт эрежелерин бузгандыгы үчүн ыйгарым укуктуу өкүлгө да айып пул салды. [69] Мунун бардыгы БШКнын укук колдонуу практикасында ырааттуулуктун төмөндөшүнө алып келип, анын арыздарды кароодо тандалма мамиле жасоосу кооптонууларды жаратты. ДИАУБ ШЧБМдин көпчүлүк маектештери, шайлоо комиссияларбашкы талапкерге тиешеси жок мыйзам бузууларды гана кылдаттык менен карашат деген көз карашын билдиришти. Белгилей кетүүчү нерсе, Жапаров мырза президенттин милдетин аткарып турган учурда укук коргоо органдарынын жаңы жетекчилерин дайындаган.[70]

БШК кабыл алган чечимдердин үчөөсүнүн үстүнөн арыздар болуп, алардын бардыгы ийгиликсиз аяктады.[71] Кайрылууларды кароонун мыйзамдуу мөөнөттөрү сакталып, чечимдер өз убагында жарыяланып турду. Сот тутуму тарабынан шайлоого байланыштуу талаш-тартыштардын калыс чечилишине болгон ишенимдин деңгээли өтө төмөн болгондуктан, ДИАУБ ШЧБМдин көптөгөн маектештери сотторго саясий таасир берилип жаткандыгына тынчсыздануусун билдиришти. 2020-жылдын 25-декабрында Соттор кеңеши коомчулукка ачык кайрылуу жасап, “укук коргоо органдары тарабынан сот тутумдарына ачык кысым көрсөтүү” көйгөйлөрүнө көңүл бурууга чакырды.

---

68 Мисалы, БШК парламенттик моделди колдогон референдум тобуна *КТРК*ны эфирдик убакытты бирдей бөлүп берүүнү милдеттендиргени ачык айкындуу болгон эмес. Арыз ээси ДИАУБ ШЧБМге анын тобуна акысыз убакыт берилбегендигин маалымдады. Ошондой эле *ЖМК*лар бөлүмүн караңыз. Шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамдын 6-беренесине ылайык, БШК катышуучулар үчүн бирдей укуктук шарттарды камсыз кылышы керек.

69 Мыйзамда талапкерлер ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн иш-аракеттери үчүн жоопту деп жазылса, Жапаров мырзага санкция берүү сунушу БШКнын мүчөлөрүнүн жетиштүү добушун ала алган жок.

70 Ички иштер министри 10-октябрда, Мамлекеттик коопсуздук кызматынын башчысы 16-октябрда жана Башкы прокурор 21-октябрда кызмат орундарына дайындалган.

71 Президенттик шайлоону белгилөө боюнча БШКнын чечимине каршы бир арызды Административдик сот четке какты, анын чечимин Жогорку Сот дагы күчүндө калтырды. Ошондой эле Жогорку Сот БШКнын талапкердин кол топтоо баракчаларын жараксыз деп табуу жөнүндө чечимин шайлоо фондунан каржыланган эмес деген негизде акыркы инстанция күчүндө калтырды. Жапаров мырзаны каттоого каршы арыз боюнча БШКнын чечимине каршы даттануу Административдик сот тарабынан четке кагылып, анын чечими Жогорку соттун чечими менен күчүндө калтырылды.

## Улуттук азчылыктардын шайлоого катышуусу

Кыргыз Республикасы - көп улуттуу өлкө, анда улуттук азчылыктар калктын жалпы санынын болжол менен 27 пайызын түзөт. Этникалык өзбектер эң ири этникалык азчылык болуп саналат жана негизинен Ош жана Жалал-Абад облустарында жашашат, алар жергиликтүү калктын 28 пайызын түзөт. Президенттикке талапкерлердин арасында этникалык азчылыктардын өкүлдөрү катталган жок жана этностор аралык мамилелерге байланыштуу маселелер талапкерлердин программаларында так чагылдырылган жок. Шайлоочуларга билим берүү жана үгүт иштерин жүргүзүүгө байланыштуу материалдар мамлекеттик (кыргыз) жана расмий (орус) тилдерде жарыяланды. Мындан тышкары, айрым жергиликтүү ММКлар шайлоочулар жөнүндө маалыматтарды өзбек тилинде да жарыялаган. ДИАУБ ШЧБМ эфирде, басылмаларда же социалдык тармактарда этникалык азчылыктарга карата улуттар аралык кастыкты козуткан кандайдыр бир окуяларды байкаган жана алган эмес.

## Коомдук жана эл аралык байкоочулар

Шайлоо мыйзамдары талапкерлердин, жарандык коом уюмдарынын, үгүт топторунун жана эл аралык байкоочулардын президенттик шайлоого жана референдумга байкоо жүргүзүүсүн камсыз кылат. Ар бир талапкер, бир шайлоо комиссиясынын курамына экиден, ал эми бейтарап жарандык байкоочулардын тобу үчтөн ашык эмес байкоочуга чейин каттай алат.[72] Шайлоо дарегин өзгөртүү мүмкүнчүлүгүнүн жоюлушу шайлоо күнү байкоо жүргүзгөн шайлоо участкаларында добуш бере албай калган коомдук байкоочуларга өз шайлоо укугун жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн жоготту.

БШК, 35 элчиликтерден жана 44 өлкөдөн келген эл аралык 333 байкоочуларды аккредитациядан өткөрдү. Жалпысынан 13 жарандык байкоочу топ БШКга мөөнөтүнөн мурда өтүүчү шайлоо процессине байкоо жүргүзүү ниетин билдиришкен болсо, ал эми референдумду үгүттөө үчүн 5 жарандык байкоочу топ катталды.

## Шайлоо күнү

Шайлоого байкоо жүргүзүү боюнча эл аралык миссия шайлоо күнүндөгү процесстерге тутумдуу жана ар тараптуу байкоо жүргүзгөн жок. Миссиянын мүчөлөрү республиканын бардык аймактарындагы, ошондой эле Бишкек жана Ош шаарларындагы чектелген сандагы шайлоо участкаларында болушту.

Шайлоо күнү уюшкандыкта өтүп, шайлоо процессинин ачык-айкындуулугун камсыз кыла алды. Байкоо жүргүзгөн шайлоо участкаларында добуш берүү процедуралары жалпысынан сакталган, бирок айрым учурларда бюллетендер сканерлөөчү аппаратка салынган кезде купуялуулук бузулган. Шайлоочуларды идентификациялоо жана каттоо процесси бир калыпта жүрдү, бирок шайлоочуларды идентификациялоочу шаймандардагы жана бюллетендерди сканерлөөдөгү техникалык мүчүлүштүктөр, бир нече участоктордо процессти кечиктирип, үзгүлтүккө учуратты.

COVID-19 пандемиясын эске алуу менен, БШК Саламаттыкты сактоо министрлиги менен биргеликте вирустун жайылышына каршы, анын ичинде добуш берүүчү жайлардагы социалдык аралыкты сактоо жана шайлоо органдарынын кызматкерлери менен шайлоочуларды жеке коргонуу каражаттары менен камсыз кылуу боюнча атайын

[72] Шайлоо мыйзамдарында ар бир шайлоо комиссиясына каттала турган үгүт топторунун байкоочуларынын максималдуу саны так көрсөтүлгөн эмес.

көрсөтмөлөрдү иштеп чыкты. Ошого карабастан, сактануу чаралары жакшы деңгээлде жүзөгө ашырылган жок жана социалдык дистанция ар дайым сактала берген жок.

Шайлоо участкаларынын көпчүлүгүндө мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын добуш берүүсүн жеңилдетүү үчүн пандустар, брайль шрифти менен жазылган нускамалар жана лупалар орнотулган. Ошентсе да, айрым шайлоо участоктору экинчи кабатта жайгашкан.

Добуштарды эсептөө кечиктирилбестен, ачык-айкын жүргүзүлдү. Бирок бюллетендердин жарактуулугуна байланыштуу айрым процедуралык мыйзам бузуулар дагы байкалды. Добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыктары, бюллетендердин биринчи сканерлөөчү аппараттан алынган маалыматка негизделип жасалды, андан кийин кол менен саналган бюллетендердин жыйынтыгы келип түштү.

Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын көпчүлүгүндө талапкерлердин  байкоочулары жана коомдук байкоочулар болушту. Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын көбүндө талапкер Жапаровдун гана өкүлдөрү болушкан. ШЭБМ айрым байкоочулары бир нече шайлоо участкаларында уруксаты жок адамдар болгонун билдиришти.

БШК шайлоо күнүндөгү мыйзам бузуулар боюнча арыздарды жана билдирүүлөрдү жарыялап утурлай турду. Алар негизинен шайлоо күндөгү жол-жоболордун сакталбагандыгына байланыштуу болуп, анын ичинде шайлоо участкасынын жанында добуш сатып алганга шектүү бир иш катталган. БШКнын маалыматы боюнча, шайлоодогу мыйзам бузуулар жөнүндө арыздар, укук коргоо органдарына текшерүү үчүн жөнөтүлдү. Добуш берүү аяктагандан көп өтпөй БШК алдын ала жыйынтыктарды өзүнүн веб-сайтына жарыялады жана президенттик шайлоого да, референдумга да шайлоочулардын 40 пайызга жакыны катышкандыгын кабарлады.

***Англис тилиндеги түп нускасы бирден-бир расмий документ болуп эсептелинет. Расмий эмес котормолор кыргыз жана орус тилдеринде жеткиликтүү.***

## МИССИЯ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ ЖАНА ЫРААЗЫЧЫЛЫКТАРДЫ БИЛДИРҮҮ

Бишкек, 11-январь, 2021-жыл - алгачкы корутундулар жана жыйынтыктар боюнча билдирүү ЕККУнун демократиялык институттар жана адам укуктары Бюросу (ДИАУБ) жана ЕККУнун Парламенттик Ассамблеясынын (ЕККУ ПА) биргелешип жасаган иш-аракетинин натыйжасы. Өткөрүлгөн шайлоо ЕККУнун милдеттенмелерине жана башка эл аралык милдеттенмелерге жана демократиялык шайлоолордун стандарттарына, ошондой эле улуттук мыйзамдарга ылайык келер-келбесин аныктоо үчүн баа берилди.

ЕККУнун учурдагы төрагасы ЕККУнун бул шайлоого байкоо жүргүзүү үчүн түзүлгөн кыска мөөнөттүү байкоочуларынын башчысы жана атайын координатору кылып Питер Юэль- Йенсен мырзаны дайындады. Рейнхольд Лопатка мырза ЕККУ ПАнын делегация тобун, ал эми Тамаш Месерич мырза ДИАУБ ШЧБМди жетектеп келет.

Бул шайлоого байкоо жүргүзүү үчүн эл аралык миссиясына (ШБЭМ) катышкан уюмдар 2005-жылы Эл аралык шайлоолорду байкоо принциптеринин Декларациясына кол коюшту. Шайлоонун алдын ала корутундулары жана жыйынтыктары жөнүндө билдирүү шайлоо процесси аяктаганга чейин коомчулукка жайылтылат. Шайлоонун жыйынтыктоочу отчету, шайлоо процессинин калган этаптары, анын ичинде отчет берүү жана добуш берүүнүн

жыйынтыктарын жарыялоо, ошондой эле шайлоо күнүнөн кийин келип түшкөн арыздарды жана даттанууларды карoo сыяктуу бөлүктөрдү камтыйт. ДИАУБ шайлоо процесси аяктагандан кийин болжол менен сегиз жума өткөндөн кийин, жакшыртуу жолдору боюнча болжолдуу сунуштарды камтыган кеңири отчет берет. ЕККУ ПА өзүнүн отчетун өзүнүн туруктуу комиссиясынын отурумунда берет.

ДИАУБ ШЧБМдин курамына республиканын борборундагы 15 эксперт жана өлкө боюнча жайгаштырылган 22 узак мөөнөттүү байкоочулар кирет.

Шайлоо күнү, жалпысынан 84 байкоочу байкоо жүргүзүп, анын ичинен 40 байкоочу ДИАУБ ШЧБМдин байкоочулар тобун түзсө, ал эми ЕККУ ПАнын делегациясынын 44 мүчөдөн турган өкүлү бул миссиянын катарына кошулду.

Байкоочулар чакыруу жибергендиги үчүн Шайлоо жана Референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына, көрсөткөн жардамы үчүн Тышкы иштер министрлигине ыраазычылык билдирет. Ошондой эле, алар башка мамлекеттик органдарга, талапкерлерге, жарандык коом уюмдарына жана эл аралык коомчулуктун өкүлдөрүнө колдоо көрсөткөндүгү жана кызматташтыгы үчүн өз ыраазычылыгын билдиришет.

Кошумча маалымат алуу үчүн төмөнкү даректерге кайрылыңыз:

- Тамаш Месерич, ДИАУБ ШЧБМдин жетекчиси, Бишкек шаары (+996 312 669 373);
- Катя Андруш ДИАУБдун спикери (+48 609 522 266) же Каха Инаишвили, ДИАУБдун шайлоолор боюнча кеңешчиси (+48 691 060 501) Варшава шаары;
- Андреас Бейкер, ЕККУнун Парламенттик Ассамблеясы, Шайлоонун жетекчиси(+45 601 08 126)

**ДИАУБ ШЧБМдин дареги:** 191, Абдрахманов көч, 720011, Бишкек, Кыргызстан

Тел.: +996 312 669 373
Эл.дарек: office@odihr.kg
Вебсайт: www.osce.org/odihr